БЕКИТЕМ
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, профессор Усенов К.Ж.
10.04.2025-жыл

Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясынын педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын

# ТОКТОМУ

Жалал-Абад шаары 2025-жылдын 10-апрели

Отурумдун төрагасы: Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кафедра башчысы п.и.к, доцент Маатазимова Г.Э.

Отурумдун катчысы: ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын улук окутуучусу Темирбаева Г.К.

**К а т ы ш у у ч у л а р:**

1. Маатазимова Г.Э. – педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02.);
2. Сакиева С.С. – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу, педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02.);
3. Уметов Т.Э. –Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01.);
4. Жолдошова О.А. - ОшМУнун психология кафедрасынын башчысы, психология илимдеринин доктору, профессор (19.00.07.);
5. Закиров А.З. - ОшМУнун башталгыч, мектепке чейинки педагогика жана психология кафедрасы, окутуучу, психология илиминин кандидаты, доцент (19.00.01.);
6. Ажыматов О.А. - ОшМУнун жалпы психология кафедрасынын башчысы, психология илиминин кандидаты, доцент (19.00.07.);
7. Коңурбаев Т.А. -Кыргыз билим берүү академиясынын Вице-Президенти, психология илимдеринин кандидаты, доцент. (19.00.07.);

Сканировано с CamScanner

8. Ураимов К.М. – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02.);
9. Нусупова Р.С. – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун физика жана информатика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.08.);
10. Рыскулова Г.У - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01.);
11. Найманбаев М.Ж. - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02.);
12. Тажибаева Ж.К. – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02.);
13. Акматов А.А. - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын улук окутуучусу;
14. Маматумаров А.Т. - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад педагогикалык колледжинин директору;
15. Жумабаева Д.С. - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад педагогикалык колледжинин окутуучусу;
16. Салибаева К.П. – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад педагогикалык колледжинин директорунун окуу иштери боюнча орун басары.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын аспиранты, Жалал-Абад педагогикалык колледжинин окутуучусу Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын талкуулоо.
2. Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын аспиранты Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуу.

**Маатазимова Г.Э.** (жыйындын төрагасы, п.и.к., доцент): Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, аспирант Досалиева Мунайым Молдалыевнанын иши менен тааныщкандардын дээрлик баары эле катыщууда. Анда отурумду баштоого уруксат этсеңиздер. Бүгүн биз педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кеңейтилген отурумуна чогулуп

Сканировано с CamScanner

олтурабыз. Күн тартибине аспирант Досалиева Мунайым Молдалыевнаны психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» деген темадагы диссертациялык ишин талкуулоо коюлган. Илимий жетекчиси - пс.и.к., доцент Коңурбаев Тууганбай Абдырахманович. Диссертациянын темасы Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 28-декабрындагы чечиминин негизинде бекитилген.

Досалиева Мунайым Молдалыевна Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад педагогикалык колледжинин окутуучусу, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын аспиранты.

Талкууга 2 педагогика илиминин доктору, 1 психология илимдеринин доктору жана 7 педагогика илиминин кандидаты, 2 психология илиминин кандидаты, 1 улук окутуучу, 3 окутуучу катышууда. Жалпы катышуучулардын саны -16. Алардын ичинен экөө рецензент: ЖАМУнун профессору, п.и.д., Сакиева Сайипжамал Салайдиновна жана ОшМУнун доценти, пс.и.к Ажыматов Орунбай Аданович.

Күн тартиби боюнча кимиңиздерде кандай сунуш-пикирлер бар? Сунуштар жок болгон болсо, анда диссертациялык ишинин мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөздү Досалиева Мунайым Молдалыевна. Регламентти тактап алалы, 15 мүнөт берсек жетиштүү болот.

**Изденүүчү:** Досалиева Мунайым Молдалыевна диссертациялык ишинин мазмуну боюнча доклад окуду. Анда изденүүчү теманын актуалдуулугун ачыктады. Изилдөөнүн максатын, милдеттерин, объектин жана предметин чечмелеп, иштин түзүмүн жана анын негизги бөлүмдөрүнүн логикасын ырааттуу баяндап берди. Теориялык изилдөөнүн методикасын мүнөздөп, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин ачыктады. Жогорудагы тиешелүү маалыматтар жана материалдар катышуучуларга слайддар аркылуу көрсөтүлдү.

**Маатазимова Г.Э.**: Изденүүчү өзүнүн изилдөө ишинин жалпы мазмуну менен тааныштырды, эми суроо-жоопторго өтсөк. Суроолоруңуздарды берсеңиздер болот.

**Сакиева С.С.:** Элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын тарбиялык маанисин кыргыз окмуштууларынан кимдер изилдеген?

**Изденүүчү:** Измаилов А.Э, Ормонов Т, Рыспаев С, Алимбеков А,Апышев, Б, Бешимов Ж, Акматалиев А, Молдокулова Д.Т ж.б. окумуштулардын илимий эмгектеринде каралган. Ата Мекендик изилдөөчүлөрүнүн ичинен, этнопсихологиялык багытта нарк-насилдин улуттук маданияттагы баалуулук багыттарды калыптандыруу маселеси Шакеева Ч.А, Закиров А, Мурзаев А, Коңурбаев Т.А, Мамырова М.И тарабынан изилденип кыргыз менталитеттине теориялык жактан көнүктүрүлгөн.

**Уметов Т.Э.:** Сиз кыргыз элинин каада-салттарын балдарга сабак кылып өткөнүңүздөн кийин балдарда кандай нерселер калыптанды деп ойлойсуз?

Сканировано с CamScanner

**Изденүүчү:** мекенчил, улутун сүйгөн, жаратылышка аяр мамиле жасаган, кыргыз элинин каада-салттарын сыйлаган, салттардын психологиялык маанисине мурун анчалык көңүл бурбай келсе, биз өткөн сабактардан кийин ошол салттардын канчалык аң сезимде таасирдүүлүгүн сезип кабыл алыша башташты

**Уметов Т.Э.:** Тагыраак айтсаңыз баланын кайсыл психологиялык процесстери калыптанды деп ойлойсуз? (м: ойлоосу, эмоциясы, кабыл алуусу).

**Изденүүчү:** Салттардын психолгиялык маанисин түшүнгөн балада эң биринчи эле өзүнө ишеними жогорулап, салттары бири биринен ажыратып таанып, айрымалап, күндөлүк турмушта зарыл экендигин аңдап түшүнө баштайт

**Жолдошова А.О.:** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгүн айтып өтсөңүз?

**Изденүүчү:** Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогикада берилген кыргыз металитеттине таандык нарк-насилдин баалуулуктары аркылуу кыргыз коомчулугуна мүнөздүү болгон инсандарды калыптандыруу багыттары аныкталды, элдик каада-салттын баалуулуктары аркылуу ата-мекенди сүйүү, үй-бүлөдөгү баалуулуктар, жаратылышка карата аяр мамиле жасоого тарбиялоо максатында атайын педагогикалык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык-психологиялык шарттары иштелип чыкты.

**Закиров А.З.:** Башталгыч класстын окуучусун баалулуктарын элдик каада-салттардын негизинде тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык шарттарын кандай эксперименттерди жүргүзүү менен ишке ашыра алдыңыз?

**Изденүүчү:** Педагогикалык эксперименттин негизи катары сурамжылоо, анкеталар, аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп, башталгыч класстын окуучулары үчүн тарбиялык сааттар, класстык сааттар иштелип чыгып. тарбия багыттындагы программалар, акыл-наасаттар, өз-ара мамиленин психикалык структурасы, ата-энелердин, тарбиячы мугалимдердин балдарга жасай турган психологиялык эрежелери теориялык жактан анализденип, экспериментте далилденген конкреттүү сунуштар, окуу методикалык колдонмолор керектүү тарбиячыларга сунушталды.

**Закиров А.З.:** Улуттун маданияттык баалуулуктарын балдар таануу үчүн кандай жумуштарды аткардыңыз?

**Изденүүчү:** Негизинен улуттун маданияттык баалуулуктары үй бүлөдө сакталат жана калыптанат. ошондуктан үй-бүлөнүн ишмердүүлүгү эң маанилүү баалуулук багыты болуп саналат. Уй-бүлө коомдун баалуулуктарын алып жүрүүчү бөлүгү катары иш алып барат, ал эми бала үй-бүлөнүн бир курамы катары дүйнөнүн баалуулуктарын өздөштүрүп келет. Ошол нерсени эске алуу менен биз ата-энелер менен да тыгыз байланышып, ар кандай жолугушуулар уюштурдук. Балдардын жаш курагына ылайык кайсыл салттарга аралаштыра тургандыгын, ал салттардын маанисин ачып берип, ата-энелерге да атайын кеңештер уюштурулду.

Сканировано с CamScanner

**Ажыматов О.А.:** Диссертациялык ишиңизге негизинен кайсыл Ата Мекендик окумуштуулардын психологиялык эмгектерди пайдаландыңыз?

**Изденүүчү:** Кыргыз окумуштууларынан М.С. Мурзаевдин, Н.А.Асипованын, Г.Жумабаеванын, А. Закировдун, Ч.Шакееванын, Д.Молдокулованын эмгектери пайдаланылды.

**Ажыматов О.А.:** Ал эми кайсыл адабий чыгармалар пайдаланылды?

**Изденүүчү:** Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары, Төлөгөн Касымбековдун тарыхый чыгармалары, Манас эпосунун 1, 2 томдору пайдаланылды.

**Сакиева С.С.:** Кенже мектеп жашындагы балдар кыргыз элинин кайсыл салттарына аралаша алат?

**Изденүүчү:** Кенже мектеп жашындагы балдарга ылайык кыргыз элинин "колго суу куюу", "чач өрүү" сыяктуу салттары бар

**Маатазимова Г.Э.**: Урматтуу коллегалар, суроолор жок болсо, суроону ушуну менен токтотсок. Изденүүчүнүн өз алдынча изилдөө жүргүзгөнү көрүнүп турат, бир топ илимий адабияттар менен тааныш экендиги берген жоопторунан байкалды. Диссертациянын негизги мазмунунун негизинде бир топ макалалар жарыяланган, буга чейин деле илимий-практикалык конференцияларда баяндамаларын угуп жүрөбүз. Изденүүчүнүн «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» аталышындагы диссертациялык темасына рецензент катары атайын рецензенттер бар. Алар ЖАМУнун профессору, п.и.д., Сакиева Сайипжамал Салайдиновна жана ОшМУнун окутуучусу, пс.и.к. доцент Ажыматов Орунбай Аданович. Рецензиялар жазуу түрүндө да берилген.

Эми талкууга өтсөк. Кимде кандай ой-пикирлер, сунуштар бар?

**Нусупова Р.С.:** Диссертациянын темасына түзөтүү киргизүү керек деп ойлойм, анткени тема негизинен педагогикалык багытты камтып тургндай

1. Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктык ориентациясын кыргыз элдик каада-салттарынын негизинде психологиялык жактан калыптандыруу"

- Бул вариантта "нарктык ориентация" термини колдонулуп, баланын психологиялык калыптанышына акцент жасалат.

2. "Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктык баалуулуктарын кыргыз элдик каада-салттарынын психологиялык негиздери аркылуу калыптандыруу"

- Бул түзөтүү "психологиялык негиздер" деген сөздү колдонуп, элдик каада-салттарды бала психологиясына таасир этүүчү фактор катары карайт.

3. "Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктык жана моралдык баалуулуктарын кыргыз элдик каада-салттарынын психологиялык аспектилери аркылуу калыптандыруу"

4. "Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктык-психологиялык баалуулуктарын кыргыз элдик каада-салттарынын негизинде түзүү"

Ушундай аталыштарды карап көрсөңөр

**Тажибаева Ж.К.:** Диссертациялык иштин мазмуну менен изилденүүчүнүн автореферата жана өзүнүн суроолорго жооп берип жаткандыгынан жакшы изилденгендигин байкадым. эксперименттик тарбиялык сабактар учун мугалимдерге берилген тарбиялы саатардын тиркемелери

Сканировано с CamScanner

сунушталган. Сунуш катары тиркемелерде берилген ар бир темага балдарда пайда болуучу психологиялык көндүмдөрдү карап койсо жакшы болмок. Негизи М.М Досалиеванын илимий ишин коргоого сунуштайм.

**Рыскулова Г.У.:** Диссертанттын темасынын актуалдуулугу, ал маселин чечүүгө карата жасаган изилдөө жумуштары жакшы экен. Деги эле бүгүнкү күндө бул багытта жүргүзүлгөн педагогикалык-психологиялык иликтөөлөр аз. Элдик педагогиканын нарк-насилдик мазмуну аркылуу баланын аң-сезимин, руханий дүйнөсүн, моралдык сапаттарын өнүктүрүүгө негизделген билим берүүнүн психологиялык өңүтүнө көбүрөөк басым жасасаң жакшы болмок. Негизинен ишти коргоого сунуштаймын.

**Маатазимова Г.Э.:** Башка сунуш-пикирлер жок болсо, анда сөздү рецензенттерге берсек. Сөз психология илимдееринин доктору, профессор Жолдошова Акчач Олмасовнага берилет.

**пс.и.д, профессор Жолдошова А.О.:** Мен диссертациялык жумушту карап чыктым. Өзүмдүн бир катар сунуштарымды жазуу жүзүндө изденүүчүгө бердим. Изденүүчүнүн темасы актуалдуу. Анын диссертациялык жумушу 3 баптан турат. Жалпысынан төмөнкүдөй мазмунду камтыйт. Кенже мектеп жашындагы балдардын инсан катары негизги сапаттарын тарбиялоодо элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын мааниси өзгөчө жогору экендиги, руханий-адептик өнүгүүсүндө негизги тарбия булагы болуп саналган кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхый жана маданий мурастарын калыптантандыруу каралган. Бүгүнкү ааламдашуу шартында жаш муундардын улуттук өздүгүн сактап калуу, аларды руханий баалуулуктарга тарбиялоо маселеси коомчулуктун алдында өтө актуалдуу маселени коет. Ошондуктан билим берүү процесстерине интеграциялоо аркылуу балдардын нарктуулук мамилелерин калыптандыруу азыркы шартта өзгөчө мааниге ээ. Бул багытта жүргүзүлгөн педагогикалык-психологиялык иликтөөлөр билим берүү системасында колго аларлык жумуш деп эсептейм. Изилдөө учурунда кыргыз маданиятына таандык болгон, каада-салттарын, үрп-адаттарын түшүнүп-билүүдө, адамды адам, маданиятты маданият, элди эл кылып түшүндүрүп турган тарыхый багыттагы изилдөөлөргө да басым жасалган. Изилдөөгө обьектиси кенже мектеп окуучулары болгондуктан, тарбия берүүдөгү нарк-насилдин баалууктарына кенири токтолуп, окуучуларды социалдаштырууда, заманга жараша саясий көз карашындагы инсандын эркин, замандын жаңы технологияларын колдоно алууга багытталган, улуттун уңгусун, руханий маданияттын баалаган багытындагы этнопсихологиялык негиздемелерди изилдеген жазуучулар, Ч. Айтматовдун, Т.Касымбековдун, С. Рыспаевдин чыгармаларына таянуу менен иш алып барган.

Изилдөөдө асыл нарк-насил, каада-салт үрп-адаттарыбызды бала бакчадан баштап, андан кийин башталгыч мектепте улантып, балдардын аң-сезимине сиңирүү азыркы мезгилдеги эң актуалдуу көйгөйдүн бири экендиги айтылат. Анткени, психологиялык теорияларга таянуу менен, дал ушул курактарда айтылган насаат, кеңештерге көңүл коюп тыңшап, элестетип, образдарга тез аралашып, кыялданып, айтылып жаткан ар бир сөзгө ишенип, чын жүрөктөн кабыл алып турган мезгил экендигин эске алынган. Ушул

Сканировано с CamScanner

курактын өзгөчөлүгү катары маалыматты тез кабыл алуу, ага тез таасирленүү, алынган маалымат өздүгүнө айланып, өмүр бою эсинде сактоо, программалашуусу айтылат. Ошондуктан улуттук баалуулуктарга тарбиялоо иши, бала-бакчада башталып, андан кийин башталгыч мектептин окуучуларында улантылса, заман бап инсандык сапаттардын калыптануусу элдик тарбиянын негизине сугарылат деген ойду бекемдейт.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоонун элдик тажрыйбалары жана азыркы педагогикалык процесстеги ата-энелер менен мектептин өз ара кызматташтыгы изилдөөчүнүн эмгегинде кеңири талдоого алынган.Үй-бүлөлүк маданиятта каада-салт жана үрп-адаттарга карата баалуулук түшүнүгүн ачып берилген. Инсанды калыптандырууда каада-салттардын, ырым-жырымдардын, үрп-адаттарынын маңызы, алардын социалдык функцияларынын өзгөчөлүктөрүн теориялык жактан көрсөтүлгөн.

Башталгыч класстарда этномаданий билимдерди калыптандыруу менен нарк-насилдин баалуулугун таанууга үйрөтүү үчүн изденүүчү бир канча эксперименттерди жүргүзгөн. Окуп үйрөнүлүүчү көйгөй, салыштыруу, байкоо жүргүзүү, педагогикалык-психологиялык эксперименттер, математикалык статистикалык методдор, психологиялык – педагогикалык проблемаларды изилдөөгө багытталган (анкета, интервью, диагностикалык, эксперименттик, сурамжылоо ж. б.) методдор колдонгон. Ошону менен эле бирге нарк-насилдин баалуулугун көрсөткөн, кенже мектеп окуучуларына тиешеси бар, теориялык жана методикалык адабияттардагы нарк-насилди, каада-салттарды психологиялык жактан анализге алган ыкмалар, үй-бүлөдөгү ата-энелердин каада-салттарга карата жасаган мамилелерди изилдеген методдор изилдөө куралы катары каралган. Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгына таянуу менен кенже мектеп окуучуларын заманбап инсандык сапаттарды калыптандырыш үчүн керек болгон нарк-насилдин элементтерин мүнөздөөчү сунуштар, тарбия багыттындагы программалар, акыл-наасаттар, өз-ара мамиленин психикалык структурасы, ата-энелердин, тарбиячы мугалимдердин балдарга жасай турган психологиялык эрежелери теориялык жактан анализденип, экспериментте далилденген конкреттүү сунуштар берилген.

Педагогикалык эксперименттин сунушталган программасын натыйжалуулугун бышыктоо катары жалпылоо жана изилдөө натыйжаларын системага салуу жүргүзүлгөн. Педагогикалык эксперимент Жалал-Абад шаарына караштуу №4 мектеп гимназиясында жана №17 мектепте өткөрүлгөн. Эксперимент жүргүзүүдө төмөнкүдөй изилдөө усулдары пайдаланылган: диагноздоочу эксперимент, калыптандыруучу эксперимент, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү, байкоо жүргүзүү, ата-энелер үчүн түзүлгөн анкета, мугалимдер үчүн анкета жана фокус-талкуулоо. Илимий иштин акыркы бөлүгү болуп эксперименттик иш саналат. Максатка жетүүнүн жолу катары төмөнкүдөй изилдөөнүн методдорун колдонгон.

- аңгемелешүү (мугалимдер, ата-энелер, окуучулар катыштыруу менен);
- анкета жүргүзүү; ( окуучуларга, ата-энелерге, мугалимдерге )

Сканировано с CamScanner

- байкоо;
- ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын изилдөө;
- математикалык статистикалык методдор;

Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын коргоого сунуш кылууга болот.

Сунуштар:

1. Экперимент жүргүзүүдө психологиялык усулдардан пайдалануу керек.
2. Каада-салттарды өздөштүрүү менен балада кандай психологиялык өзгөчөлүктөр байкалды, тактап көрсөтүүнү сунуш кылам.
3. Психологиялык адабияттарды көбүрөөк пайдалануу жагын сунушталат

**Маатазимова Г.Э.:** Рахмат, сөз экинчи рецензент пс.и.к.доцент Ажыматов Орунбай Адановичке берилет.

**пс.и.к, доцент Ажыматов Орунбай Аданович:** Досалиева Мунайым Молдалыевна диссертациялык ишинин мазмуну боюнча: Илимий эмгектин структуралык түзүлүшү талапка жооп берет. Кыргыз этнопедагогикасынын контекстинде бала тарбиясында колдонулуучу баалуулуктардын негизинде – улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, мекенге берилгендик, ак ниеттүүлүк, адамкерчилик сыяктуу сапаттар негизги тарбия багыты катары изденүүчүнүн эмгегинде ачылып берилген. Мунун негизинде кенже мектеп жашындагы балдарга тарбия берүүдө элдик педагогиканын үлгүлөрүн колдонуу, каада-салттар аркылуу улуттук психологияны жаратуу мүмкүнчүлүктөрү сунушталган. Кыргыз окумуштуулары Рыспаев С, Молдокулова Д, Шакеева Ч, Жумабаева Г, Закиров А, Мурзаев М, Алимбеков А, Акматалиев А эмгектерине таянуу менен жазылган.

Кыргыз коомунда бул процесстин натыйжалуу болушу үчүн педагог менен үй-бүлөнүн тыгыз кызматташтыгы тууралуу терең талдоого алынган. Мектеп – үй-бүлө – коом үч бурчтугунун өз ара байланышын ачып көрсөткөн. Азыркы мезгилде элибиз туңгуюктан чыга албай, радикалдуу багыттарды издеп, өнүгүүнүн жолуна түшүүнүн аракетин жасап жаткан мезгилде элдин нарк-насилин, каада-салтын терең түшүнгөн инсандык сапатка ээ болгон адамдарды калыптандыруу замандын талабы деп билебиз. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн жыйынтыгында, кыргыз элдик каада-салттары жана этнопедагогикалык ресурстар кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын калыптандырууда маанилүү тарбиялык каражат экендиги аныкталган. Изилдөөнүн бардык этабында – теориялык, эмпирикалык жана эксперименталдык негиздер – баланын руханий, адеп-ахлактык жана жарандык сапаттарын өнүктүрүүдө элдик салттардын мааниси өзгөчө экендиги далилденген.

Эмгектин акырында жалпы корутунду илимий-методикалык сунуштар берилген, илимий иш жалпы талаптарга жооп берет. Эмгекте айрым бир стилистикалык, техникалык мүчүлүштүктөр бар. Айрым сунушталган

Сканировано с CamScanner

кемчиликтерди оңдоп-түзөө менен илимий ишти диссертациялык кеңешке коргоого сунуштоого болот.

Сунуштар:

1. Эксперименттин жумуштардагы сурамжылоонун суроолорун конкреттештирүү керек
2. Таблица, диаграммалардагы каталарды дагы кароону сунуш кылам.
3. Психологиялык методдорго басым жасоо сунушталат.

**Маатазимова Г.Э.:** Эгерде башка пикирлер, суроолор жок болсо, жыйынтыктасак. Эч кимде алымча-кошумча жок болсо талкууну токтотуп, сөздү диссертанттын жетекчиси пс.и.к, проф Тууганбай Абдрахманович Коңурбаевге берели.

пс.и.к, доцент **Коңурбаев Тууганбай Абдрахманович:** Баарыңыздарга чоң рахмат! Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, сиздер айткан сын-пикир, сунуштарды эске алабыз, негизинен диссертациялык иш бүткөн, бирок дагы айтылган сунуштарды эске алуу менен толуктоолорду, оңдоолорду жүргүзөбүз. Убактыңыздарды бөлүп, диссертациябызды окуп, баалуу пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтканыңыздар үчүн ыраазычылык билдиребиз.

**Изденүүчү:** Баарыңыздарга рахмат! Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, сиздер айткан сын-пикир, сунуштар үчүн ыраазычылык билдирип, айтылгандардын баарын эске алабыз. Убактыңыздарды бөлүп, диссертациябызды окуп, баалуу пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтканыңыздар үчүн, чоң рахмат.

**Маатазимова Г.Э.:** Рахмат. Анда жыйынтык чыгаралы, Досалиева Мунайым Молдалыевнанын изилдөө иши кандидаттык диссертациялык ишке коюлган талаптарга жооп берет. Анткени, бул иште кенже мектеп жашындагы балардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу маселеси каралган. Биз бүгүнкү диссертациялык ишти талкуулоодон жакшы жыйынтык алдык деп ойлоймун.

Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары, илимий изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөө обьектиси, максат-милдеттери так, жыйынтыкталган, өз алдынча бүткөрүлгөн иш экендигин белгилеп, жогорудагы рецензенттердин жана чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлеринин негизинде бул ишти диссертациялык кеңешке кабыл алууга сунуш кылуу боюнча бүтүм чыгарууга болот.

## БҮТҮМ:

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу доорунда ар бир улут өздөрүнүн улуттук индентүүлүгүн сактап, эл катары цивилизациядагы агымдан сүрүлүп калбаш үчүн күрөшүп келет. Бул үчүн коомдун маданияттуулугу, билимдүүлүгү, руханий жана адептик оң сапаттарга ээ болушу негизги талаптардын бири. Улутту, элди, кылымдар бою колдонулуп келген этикалык эреже-нормаларды сактоо жана аларды өркүндөтүү процессинде каада-салттардын орду чоң экендиги белгилүү.

С.Н.Жапаров «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү (2021-ж.) жана «Улуттук нарк жөнүндө» (2022-ж)

Сканировано с CamScanner

жарлыктарында азыркы жаштарды, алардын ичинде окуучуларыбызды адабий-маданий, руханий мурастар аркылуу билим жана тарбия берүүнүн зарылдыгын жана перспективаларын аныктап берди. Улуттук баалуулуктар инсандын психикалык өнүгүү структурасынын эң маанилүү курамдык бөлүгү болуу менен инсандын жалпы багытын аныктоо, жүрүм-турумунда маанилүү функцияны аткараарын белгиленип, азыркы муун үчүн унутта калуу коркунучу жаралып жаткандыгы анык. Балдардын интелектуалдык өнүгүшү же өнүгүүнүн жай жүрүшү бала тарбияланып жаткан мамлекеттин экономикасына, улуттук этникалык маданиятынын таасир этүү күчүнө жараша боло тургандыгын белгилөө менен, башталгыч класс окуучуларын нарк-насилин калыптандырууда элдик каада-салттардын орду баа жеткиз экени айтылып, актуалдуу маселе катары кароо керек экендиги жактырылды.

Ата-энелердин бирдиктүү маданияты, маанилүү багыт берүүлөрү, нарк-насилди канчалык деңгээлде баалоосу, аларды урпактарына өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгү баланын руханий-адептик тарбиясынын негизин түзөт. Каада-салттар, үрп-адаттар, тил, улуттук маданият - булар элибиздин баалуулуктарына кирет. Улуттук каада-салттар адам менен бирге жаралып, калыптанып, өнүгүп жана анын инсандык сапатын белгилеген көрүнүшкө айланат. Үй-бүлө- коомдун баалуулуктарын алып жүрүүчү бөлүгү катары каралып, ал эми бала үй-бүлөнүн бир курамы катары дүйнөнүн баалуулуктарын өздөштүрүп келет. Адамдын жекече жүрүм-турумунда чагылдырылган мамилелер, ишенимдер, баалуулуктар үй-бүлөдө түптөлүп, үй-бүлө мүчөлөрү аркылуу коомго көрүнүп турат.

**Изилдөөнүн максаты:** кенже мектеп окуучусунун нарк-насилин элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруунун психологиялык негиздерин илимий теориялык жана практикалык шарттарын иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы**

1. Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогикада берилген кыргыз металитеттине таандык нарк-насилдин баалуулуктары аркылуу кыргыз коомчулугуна мунөздүү болгон инсандарды калыптандыруу.

2. Кыргыз элинин элдик педагогикасындагы жаштарды кыргыз коомчулугундагы мекенчил инсандарга даярдоо боюнча идеялар, баалуу тажрыйбалар, каада-салттар талдоого алынып "Улуттун патриот инсаны, мекенчил окуучу, ата-эненин баласы аттуу" түшүнүктөр ачыкталып, алардын бүгүнкү күндөгү таалим-тарбия процессиндеги орду аныкталды.

3. Кенже мектеп окуучуларын элдик каада-салттын баалуулуктары аркылуу ата-мекенди сүйүү, үй-бүлөдөгү баалуулуктар, жаратылышка карата аяр мамиле жасоого тарбиялоо максатында атайын педагогикалык модель жана аны ишке ашыруунун педагогикалык-психологиялык шарттары иштелип чыкты

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогикалык психологиянын нарк-насилдин баалуулуктары аркылуу заман талап кылган мекенчил инсанды,

Сканировано с CamScanner

коомдук шартка жараша калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке киргизүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы;

Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу улутту сүйгөн муунду даярдоо боюнча методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу камсыздалган.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1.Кенже мектеп окуучуларын каада-салттын негизинде, коомчулукка, үй-бүлөгө, турмуштук шартка жараша маданияттуу мамиле жасоого даярдоо, кыргыз коомчулугун батыш маданиятынан келген цивилизацияны фильтирлеп, кыргыз менталитеттин байытууга, үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, алардын үй-бүлөгө болгон жоопкерчилигин арттыруу, үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык жүрүм-турум маданиятына, өз-ара көтөрүмдүүлүкө, кечиримдүүлүккө ж.б. үйрөтүү сыяктуу актуалдуу маселелерди чечүүгө багыттоо.

2. Жаштарды адептүүлүккө даярдоонун илимий негизде чечүүнүн бирден бир жолу катары кыргыз элдик нарк-насилдин педагогикасында кылымдардан бери келе жаткан рационалдуу идеяларга жана тажрыйбаларга таянуу жана жаштарда үлгүлүү заманбап, ар тараптуу өнүккөн инсан болуу түшүнүгүн калыптандыруу болуп эсептелет.

3.Кенже мектеп окуучуларын коомдук, үй-турмуштук иш-аракетке даярдоонун элдик педагогиканын баалуулуктарын, жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккан атайын педагогикалык-психологиялык моделдерин жана шарттардын түзүүгө калыптандыруу. Иштелип чыккан педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун көрсөтүү үчүн “Инсанды тарбиялоонун коомдук моделин” аттуу усулдук программаны тажрыйбага киргизүү менен инсандын мекенчилдик сапаттын арттыруу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** кенже мектеп окуучуларын элдик нарк-насилдин баалуулуктары аркылуу инсан катары калыптандыруунун, педагогикалык-психологиялык шарттары, методикалык негиздери айкындалды; “Кенже мектеп жашындагы балдарда нарк-насилдин калыптанышы” аттуу комплекстүү окуу-методикалык программанын технологиялык модели иштелип чыкты; мугалимдер үчүн сабактардын алкагында жана сабактан тышкаркы мезгилде окуучуларды үй-бүлөлүк турмуштагы нарк-насилдин баалууктарына карата турмушка даярдоо боюнча методикалык кеңештер, сунуштар даярдалды жана улуттук тарбиянын негизинде баларды мекенчилдикке, адептүүлүккө, физикалык, этикалык жана эстетикалык тарбиянын негиздери сунушталды.

Сканировано с CamScanner

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Досалиева М.М Мекенчил инсандарды улуттук нарк-насилдин негизинде калыптандыруу. [Текст] / Закиров А.А, Досалиева М.М // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. - 2021 - Т.3 №3. - Ош, 2021. 150-159-бб. https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21643346679Obschestvenno-gumanitarnye_nakuki_Zh.Abdrahmanov_2021.pdf
2. Досалиева М.М Кенже мектеп окуучуларынын нарктуулугун калыптандыруудагы психологиялык-педагогикалык проблемалар.[Текст] / Закиров А.А, Досалиева М.М // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы 2021 Т.3. №3. – Ош, 2021. 160-168-бб https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21643346679Obschestvenno-gumanitarnye_nakuki_Zh.Abdrahmanov_2021.pdf
3. Досалиева М.М Личносттун калыптанышында кыргыз элдик каада-салттардын ролу. [Текст] / Наука, новых технологий и инновации Кыргызстана. №6. Бишкек, 2022. 162-165-бб. http://science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2022/6/%D0%9D%D0%9D%D0%A2_6-2022_PDF_162-165.pdf
4. Досалиева М.М Балада улуттук аң сезимди калыптандыруунун айрым ыкмалары. [Текст] / ИИМСИ ЖАРЧЫСЫ. №1 2021. – Жалал-Абад, 2021. 69-74-бб https://www.new.nimsi.kg/storage/files/vestnik-nimsi-1-1-039544000-1695973217.pdf
5. Досалиева М.М Элдик ынанымдар- тарбия башаты. [Текст] / Известия ВУЗов Кыргызстана. №6. 2022. – Бишкек, 2022. 73-76-бб. http://www.sciencejournal.kg/media/Papers/ivk/2022/6/%D0%9F%D0%94%D0%A4_%D0%98%D0%92%D0%9A__6-2022_73-76.pdf
6. Досалиева М.М Башталгыч класстарда улуттук оюндарды ойнотуунун психологиялык өзгөчөлүктөрү. [Текст] // Рыскулова Г.У Досалиева М.М // Глобальные науки и инновации 2021: центральная Азия 16-21-бб
7. Досалиева М.М Кыргыз үй-бүлөсүнүн бала тарбиялоодогу баалуулуктары. [Текст] / Рыскулова Г.У Досалиева М.М // Известия ВУЗов Кыргызстана. №2 2021. – Бишкек, 2021. 272-276-бб.. http://www.sciencejournal.kg/media/Papers/ivk/2021/2/%D0%98%D0%92%D0%9A_2_2021%D0%B3_272-276.pdf
8. Досалиева М.М Кыргыз аял затынын чач өрүү салтында улуттук психологиянын чагылдырылышы.[Текст] / ALATOO ACADEMIC STUDIES №4 2022. – Бишкек, 312-319-бб https://aas.alatoo.edu.kg/article/XmnTrCfiMizHI116f97as
9. Досалиева М.М Кенже мектеп окуучусунун нарк-насилин үй-бүлөдө калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык багыттары.[Текст] /

Сканировано с CamScanner

Вестник ЖАГУ 2023. 2. - Жалал-Абад, 2023. 65-70-бб
http://jagu.kg/view/vestnik
10. Досалиева М.М Кыргыз элинин ырым-жырымдарынын психологиялык функциялары. [Текст] / Вестник РГСУ №1 2023 111-118-бб https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597499

Жогорку айтылгандардын негизинде бүтүм добушка коюлду.

**“Макул” – 15, “Каршы” – 1, “Калыс” – жок.** Бүтүм бир добуштан кабыл алынды.

**Маатазимова Г.Э:** Күн тартибинин экинчи маселеси боюнча Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын аспиранты Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасы менен таанышгырууга сөз берилет.

**Изденүүчү:** Досалиева Мунайым Молдалыевна кандидаттык экзамендин кошумча программасынын мазмуну жана колдонулган адабияттар жана суроолор тизмегин тааныштырды.

Билдирүүнүн негизинде төмөнкү суроолор берилди:

1. Улуттун маданияттык баалуулуктарын эмнелер түзөт?

Жооп: Улуттук маданий баалуулуктарга каада-салттыбыз, оюн-зооктор, элибиздин ыйык туткан жөрөлгөлөрү, улуттук буюмдар, кол өнөрчүлүк, жапайы жаратылышы, баалуу жан-жаныбарлары, улуттук тамак-аштар, оозеки чыгармачылык, фольклор, элдик майрамдар түзөт.

2. Кенже мектеп курагындагы балдардын баалуулук багыттарын калыптандыруу.

Жооп: Коомдогу ар бир көрүнүш, оң же терсби баланын өнүгүү процессине таасирин тийгизип отурат. Психолог К.Миңбаев: Кенже мектеп курагындагы балдар өзүн курчап турган чөйрөнү кунт коюу, кызыгуу менен кабыл алышат. Балдарда көрүү, угуу органдары күчтүү иштегендиктен, мектепке өнүккөн кабыл алуусу менен келишет. Жаңы өсүп келе жаткан жаш муундарды улуттук аң сезимдүүлүккө, улуттук баалуулуктарга болгон кызыгууларын жогорулатууда гуманитардык сабактардын орду чоң.

3. Кыргыз элинде балдарга арналган ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөр кайсылар?

Жооп: Кыргыз элинде балдарга арналган салттар, жөрөлгөлөр болуп баланы бешикке салуу,тушоо кесүү, чач өрүү салты, колго суу куюу.

4. Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында улуттук аң-сезимдин чагылдырылышы.

Жооп: Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында жакшылык акыл жана билим менен байланыштырылып, аларга адамдык адептик жашоосунда

Сканировано с CamScanner

өзгөчө маани берилет, анткени акылдуулук жыргалчылыктын эң эле баалуусу жана маанилүүсү болуп саналат. Фольклор искусствону улуттук тарых, үрп-адат жана түпкү теги менен абдан тыгыз байланыштырат. Кыргыз элдеринин фольклорунда окуялар алгачкы жаралуу, баатырдык доор жана "кыргыз адамынын" дооруна таандык кылынган. Абдылдажан Акматалиевдин эмгегинде: "Ар бир эл өзүнүн көркөм өнөрүнө, этникалык, улуттун маданиятына, ага тиешелүү эпикалык аң сезиминин дараметине, дөөлөттөрүнө жараша дүйнөлүк маданий казынага олуттуу салым кошуп келээрин эске алсак кыргыз калкы дагы көлөмү дагы маңыз-мазмунунун байлыгы терендиги жагынан ааламда эч теңдеши жок.

Программа боюнча баяндамачынын баяндамасын жана ага карата жыйындын катышуучуларынын пикирлерин уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгаруу максатында төмөнкү чечимди бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**"Макул" – 15, "Каршы" – 1, "Калыс" – жок.**

Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишин талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү отурумдун токтомунун долбоору менен тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер (корутундунун жана токтомдун долбоору окулат). Эгерде толуктоо кошумчаларыңыздар жок болсо, токтомду бекитип коёлу.

Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине болгон талкуунун негизинде кафедранын отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» атту кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги боюнча психология илимдеринин кандидаттык диссертациялык иш диссертант тарабынан жекече аткарылган, монографиялык мүнөздөгү изилдөө иши катары ачык коргоого сунушталсын

3.Досалиева Мунайым Молдалыевнанын «Кенже мектеп жашындагы балдардын нарктуулуктарын кыргыз элдик каада-салттардын негизинде

Сканировано с CamScanner

калыптандыруу» 19.00.07 - педагогикалык психология адистиги диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

Төрага, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
педагогика, психология
жана окутуунун технологиялары
кафедрасынын кафедра башчысы,
п. и.к, доц.: Маатазимова Г.Э

Жыйындын катчысы, Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун педагогика, психология
жана окутуунун технологиялары
кафедрасынын улук окутуучусу: Темирбаева Г.К

п.и.к, доц. Г. Э Маатазимованын
кол тамгасын тастыктаймын
Б. Осмонов атындагы
ЖАМУнун АРБУКБнын башчысы: Акматова А.Т.

КАДРЛАР
БАШКАРМАЛЫГЫ

Сканировано с CamScanner